УДК 39:821.512.154

К.Ибраимов, ф.и.к., доцент,
К.Карасаев атындагы БГУ

ТАМСИЛ ЖАНРЫ

ЖАНР БАСНЯ

GENRE OF FABLE

Аннотация: *Макалада элдик тамсилдердин пайда болушу, айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктор менен болгон карым-катышы, жанрдык табияты, кыргыз фольклорунда ээлеген орду, жыйноо, жарыялоо жана изилдөө маселелери каралат.*

Түйүндүү сөздөр: *Тамсил, жанр, айбанаттар жөнүндө жөө жомоктор.*

Аннотация: *В статье рассматриваются вопросы о появлении народных басен, о взаимосвязи с волшебными сказками о животных, об особенностях басен как жанра, о месте басен в кыргызском фольклоре, а также о собирании, публикации и исследовании этого жанра.*

Ключевые слова: *Басня, жанр, сказки о животных.*

Abstract: *This article deals with the questions of Folk Fable appearance, about its links with magic Fairy-tales of animals, about the peculiarities and place of Fable genre in Kyrgyz Folk, and about its researching and publications.*

Key words: *Fable, genre, Fairy-tales about animals*

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында тамсилдер өз алдынча жанр катары калыптанып, өнүгүп келди. Тамсил адамдардын кулк-мүнөзүн, кылык-жорук, иш-аракеттерин каймана түрдө сатиралык жалпылоо аркылуу баяндап, акыл-насаат айтуу мүнөзүнө ээ болгон кичирээк чыгарма. Ал көбүнчө ыр түрүндө болот жана фольклордук чыгарма катары оозеки айтылган. В.Г.Белинскийдин: "Тамсил маңызы - аңгеме менен максат, ал эми башкы сапаты - сатира менен шылдың" - деп жазганы фольклордук тамсилдерге да тикелей тиешелүү (4.576). Анткени, аталган жанр мейли профессионал адабиятта болсун, мейли фольклордо болсун, ал баарыдан мурда сөз өнөрүнүн табылгасы, туундусу.

Кыргыз фольклористикасы менен адабият таануу илиминде мындай чыгармаларга "тамсил" термини менен бирге эле "тамсил жомок", "тамсил сатира" деген терминдер колдонулуп жүрөт. Бир учурларда мындай чыгармаларды "месел" деп да аташыптыр. Профессор М.Борбугуловдун пикирине караганда кыргыз адабият таануу илиминде жана сынында "тамсил" термини өтө эле кеңири мааниде колдонулуп, эл чыгармачылыгындагы ар кандай аллегориялык жомокторду, ырларды поэмаларды, ошондой эле бүгүнкү күндөгү реалистик тамсилди ("басня") түшүндүрүп жүрөт (6.4).

Тамсил жанрын иликтеген фольклористтер деле терминдин өзүн тактап, аны туура пайдаланууга анча маани бербеген сыяктанат. Элдик тамсилдердин жыйнагын түзүп, ага "баш сөз" жазган Ж.Мусаева "тамсил", "элдик тамсил", "тамсил-жомок" терминдерин аралаш колдонуу менен аларды бири-бирине синонимдеш, маанилеш түшүнүктөр катары пайдаланат (11).

Ал эми адабиятчы Х.Бапаев болсо "айбандар жөнүндөгү жомокторду тамсил-жомоктор" деп атап, тамсил-жомоктор али тамсил-сатирага айлана элек жанр экендиги жөнүндө айткан изилдөөчүлөрдүн (М.Рудов, М.Борбугулов) оюн туура табат. Албетте, автор бул жерде каймана мааниде айтылган айбанаттар жомогун көңүлгө алып жаткан болуу керек.

Элдик тамсилдерди жазып алуу жана жарыялоо жумуштары Октябрь революциясынын жеңишинен кийин гана колго алынып, негизинен кыргыз элинин жөө жомоктору менен бирге жыйналып жана жарыяланып келди десе болот. Ал өзүнчө жыйнак катары "Кыргыз эл тамсилдери" деген ат менен 1985-жылы гана жарыкка чыккан. Кыргыз фольклористикасынын тарыхына көз чаптырсак элдик оозеки чыгармачылыктагы тамсил жанры жөнүндө бирин-эки макалаларды, окуу китебиндеги учкай айтылган чакан маалыматтарды эске албаганда, бул жанрды монографиялык планда кеңири изилдеп, тамсилдердин пайда болуу жана өнүгүү жолдорун ачып берген, анын жанрдык касиетин, идеялык-тематикалык чегин, көркөмдүк табиятын аныктап көрсөткөн эмгек азырынча жазылган эмес.

1930-жылдардын аягы 1940-жылдардын баш жагында басылып чыккан мектеп окуучулары үчүн адабият китептери менен хрестоматияларда кыргыз

элинин оозеки чыгармаларына атайын бөлүмдөр арналган экен. Анда элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрү жарыяланып, фольклор жөнүндө кыскача, жалпы түшүнүктөр берилет жана кайсы бир учурда кыргыз фольклорун жанрдык жактан классификациялоо үчүн алгачкы аракеттер да жасалат (5). Бул багыттагы алгачкы иликтөөлөрдүн бири М.И.Богданованын калемине таандык.

М.И.Богданова өзүнүн кыргыз фольклору жөнүндө 1943-жылы жазган эмгегинде элдик оозеки чыгрмаларды жанрдык топторго ажыратып, алардын ар бирине өзүнчө токтолот. Бул эмгегинде ал тамсилдерди эпикалык жанрдын составындагы өзүнчө жанр катары карап, элдик тамсилдер жөнүндө мындай деп жазган: "Тамсилдер адамда кыйытып айтуу акылы өсө баштаганда жана кыйытып айтуу акылы аркылуу өзүнүн мамилесин билдирүүгө тийиш болгондо, айбанат жөнүндөгү жомоктордун негизинде тамсилдер чыккан. Ушул максат менен айбандардын өзгөчөлүктөрүн жана өнөкөттөрүн байкоо негизинде, адам бул өнөкөттөрдү сүрөттөп айтууну адамдын сапатын мүнөздөө үчүн да пайдалана баштайт. М а с е л е н, түлкү митаамдыкты, коён коркоктукту көрсөтөт ж.б. Мына ошентип, тамсилдер адам менен айбандын элесин салыштыруу негизинде түзүлөт.

Тамсил баяндап айтылат да, ал баяндоодон же өзүнчө формулировка кылынган, же тексти боюнча ачык түшүнүүгө боло турган корутунду чыгат. Тамсилдин жомоктордон айырмасы: тамсил акыл айтуу мүнөзүндө болот да, аллегориялык мисалдардын негизинде коомдун нраваларын жана кемчилик-кемтиктерин критикалап, бетин ачып, сүрөттөп көрсөтөт.

Кыргыз фольклорунда тамсил менен жомокту (айрыкча айбанат жөнүндө жомокторду) көп убактарда аралаштырып, чатыштырып жиберишет. Жакында эле кыргыз тамсилдери "месел" деп аталуучу эле. Тамсил деген башка элдерден, көбүнчө жаңы метод мектеп аркылуу алынып, жакында гана пайда болду" (8.78). Андан ары автор тамсилдерди эки топко бөлүп: а) катышуучусу айбан, б) катышуучусу айбан менен адам, деп бөлүп, аларга айрым тамсилдерди мисал келтирет. Биринчи топтогу тамсилге "Каркыра, түлкү", "Кыргый менен үкү", ал эми экинчи топко "Дыйкан менен доңуз" тамсилдерин мисалга алып, тексттерин жарыялайт (8. 78-79). Китепте тамсил жөнүндө болгону мына ушул.

1943-жылы 7-класс үчүн түзүлгөн адабият хрестоматиясында адабият теориясынан жалпы маалымат берилет. Анда тамсил жанры жөнүндө мындай деп жазган. Текстти толук келтиребиз: “Тамсил таалим-тарбия мүнөзүндө, көбүнчө ыр менен каймана түрүндө жазылган кичирээк чыгарма тамсил деп аталат. Тамсил жаныбарлар жөнүндө айтылган жомоктон пайда болгон. Бул айбандардын кулк-мүнөздөрүн адамдыкы менен салыштыруудан келип чыгат. Тамсилдин көбүнүн катышуучусу айбандар болот. Бирок кишилердин жүрүм-туруму, мамилелери сүрөттөлөт. Мисалы, Крыловдун "Ак куу, чортон, чаян" деген тамсили. Кээде тамсилдин катышуучу кишилери жансыз табийгат да болот. Мисалы ошол эле Крыловдун "Көлчө менен дарыя" деген тамсили. Кыргыз тилинде Кылычтын "Буудайыктын тою" деген тамсили бар (5. 420-421).

Ырас, бул жерде профессионал адабияттагы тамсил жанры жөнүндө сөз жүрүп жатат, жана да аны 7-класстын окуучулары үчүн ылайыктап берген. Ошондой болсо да кыргыз адабият таануу илими менен кыргыз фольклористикасында тамсил жанры жөнүндө айтылган алгачкы ой-пикирлер деп баалайбыз. Тамсил жанр катары адабиятка да, фольклорго да таандык.

З.Бектенов, Т.Байжиев 1949-жылы жалпы орто мектептин 8-класстары үчүн кыргыз адабияты боюнча окуу китебин жазып чыгарышкан. З.Бектеновдун берген маалыматына караганда китеп алда канча мурда даяр болсо да, кайсы бир себептер менен кармалып келген. Мына ушул китеп фольклор жөнүндөгү алгачкы маалыматтарды бир кыйла кенен берген десек болот. Мектептер үчүн бекитилген адабият программасына ылайык бул окуу китебинде Октябрь революциясына чейинки, б.а., Совет мезгилине чейинки, кыргыз фольклору жөнүндө гана айтылган. Китеп "Адабият жана фольклор", "Байыркы кыргыздар жөнүндө", "Октябрга чейинки фольклор" (бул негизги бөлүм – К.И.) жана "Боордош элдердин байыркы адабияты" деген төрт бөлүмдөн турат. Акыркы бөлүмгө орус элинин жомогу "Игордун полку жөнүндө сөз", Шота Руствелинин "Жолборс терисин жамынган баатыр", Алишер Навоинин "Лайли менен Мажнун” чыгармалары жөнүндө сөз болот (3). Авторлор кыргыз элинин оозеки чыгармаларын жанрдык түрлөргө ажыратып, анын ар бирине өөзүнчө токтолуп, үлгүлөрүн берет. Тамсил жанры дидактикалык чыгармаларга кошулуп каралат (3). Ал эми М.И.Богданова болсо 1943-жылдагы эмгегинде тамсилдерди эпикалык жанрга кошуп ажыраткан эле.

Жогорку окуу жайлары үчүн 1959-жылы түзүлгөн "Кыргыз фольклорунун жана адабиятынын тарыхы боюнча программада" (түзгөн С.Мусаев) тамсилдер жанр катары (эпикалык жанрдагы чыгармалардын составында) орун алган. Программага ылайык тамсил боюнча булар окутулууга тийиш эле: "Тамсилдердин аныктамасы. Айбандар жөнүндөгү жөө жомоктордон өсүп чыгышы. Тамсилдердин таптык, тарбиялык мааниси. Элдик тамсилдерде эзүүчү таптардын өкүлдөрүнө мүнөздүү болгон сараңдыктын, ач көздүктүн, ырайымсыздыктын, эки жүздүүлүктүн катуу сынга алынышы. Тамсилдеги катышуучу негизги каармандар, ал каармандардын каймана түрдө болушу. Туруктуу оң жана туруктуу тескери каармандардын жолугушу” (10.22). Демек жогорку окуу жайынын практикасында тамсилдер "Кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын негизги түрлөрүнүн" бири катары окутулуп келген (атайын окуу китептери жок болгону менен лекция түрүндө). Программага караганда бул жанрдын негизги табияты, өзгөчөлүктөрү, пайда болуу, калыптанып өнүгүү жолдору жана башка жактары, жалпысынан алганда өз алдынча жанрдык касиеттери толук эле окутулууга тийиш болгон.

Илимпоз жана тамсилчи М.Борбугулов өзүнүн "Элдик тамсилдер" деген көлөмдүү макаласында элдик тамсилдердин пайда болушу, өнүгүшү жана мындай чыгармаларды акындардын (Тоголок Молдо) өз чыгармачылыгында пайдаланышы жөнүндө сөз кылат (6). Сагымбай Орозбаковдон жазылган "Жолбун ит", "Мышык, чычкан" жана Тоголок Молдонун "Уй

менен музоосу", "Каркыра менен Түлкү", "Иттин доолдай тиктирем дегени", "Бөрү менен Түлкү", "Эшек менен Булбул", "Куштардын аңгемеси", “Жер жана анын балдары", "Кубакой менен ээси" деген тамсилдерин талдоого алып, бул жанрга байланыштуу омоктуу ойлорун айтат.

Ал эми С.Закиров "Кыргыз адабиятындагы тамсил жанры жөнүндө бир-эки сөз" деген макаласында тамсил жанры менен айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктордун ортосундагы айырмачылыктарга (белгилерге) токтолот (9). Кыргыз адабиятындагы (фольклорунда эмес - К.И.) тамсил жанрынын өнүгүшү жөнүндө учкай сөз кылып, Тоголок Молдо, Жоомарт Бөкөнбаев, А. Токомбаев, М. Борбугуловдун жазган айрым тамсилдерин талдоого алат. Макалада негизинен профессионал адабияттагы тамсилдер иликтенгени менен элдик оозеки тамсилдер жөнүндө да айрым бир жүйөлүү, салмактуу ой-пикирлер бар. Автор элдик оозеки чыгармачылыкта тамсил жанры бар деп жазганы менен ал оюн андан ары тереңдетип, тикелей элдик оозеки тамсилдер жөнүндө кеңири иликтөө жүргүзбөйт.

Адабиятчы Х. Бапаев "Тамсил сыры" (1974) деген монографиясында кыргыз совет адабиятында тамсил жанрынын пайда болуп өнүгүү жолун изилдейт. Автор кыргыз адабиятындагы тамсил жанрынын өсүшүнө эки нерсе башат болду, биринчиси - элдик оозеки казына, экинчиси - совет адабиятынын жемиштүү таасири деп белгилейт (2). Тамсил жанрынын алгачкы формасы элдик оозеки чыгармаларда экенин белгилөө менен изилдөөчү бул маселеге атайын токтолуп өткөн жана ошондой эле элдик чыгармаларды тамсилчилер кантип, кандайча пайдаланышкандыгы жөнүндө да сөз кылат.

Кыргыз фолклорундагы тамсил жанрын изилдеп үйрөнүүдө жогорудагы эмгектердин мааниси зор. Бирок аталган эмгектер тамсил жанрына тиешелүү проблемаларды толук камтып терең чечмеленген деп айта албайбыз, эң башкысы айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктордон айырмаланып, өзгөчө жанрдык белгилерге ээ болгон тамсилдердин өз алдынча жанр катары калыптануу маселесин чечип бере алышпаган.

Бир топ жылдардан бери жарык көрүп келаткан "Кыргыз эл жомокторунда" деле тамсилдер өзүнчө бөлүнүп берилбейт, башкача айтканда, айбанаттар жөнүндө жомоктор менен тамсилдердин чеги так ажыратылбайт. Анда тамсил жанрына тиешелүү болгон көркөм-эстетикалык белгилер (кыскалык, аллегория, сатира, мораль, ж.б.) айдан ачык көрүнүп турса да, чыгарманын образ системасы менен мазмунуна карап айбанаттар жомогуна кошуп коюшат.

Тамсил негизи көркөм сөз өнөрүнүн байыркы түрлөрүнүн бирине жатат. Тамсилдердин пайда болуу тарыхы, анын баштапкы тамыры тээ байыркы кылымдардын түпкүрүн карай кетет. Эң эле байыркы коомдо жашаган адамдардын анимисттик жана мифтик түшүнүктөрүнө байланыштуу айбанаттар жөнүндө жөө жомоктордун пайда болгондугу, ал эми андан тамсилдер жаралып, өзүнчө чыгарма катары бөлүнө баштаганы белгилүү. Байыркы замандагы адамдар акыл-ойдун эң төмөнкү учурунда табыят закондоруна түшүнө бербегендиктен, жаратылыштын купуя сырларын өздөштүрө албагандыктан, өздөрүн табияттан, андагы айбанаттар менен жан-жаныбарлардан бөлө алган эмес, алар деле адамдар сыяктуу эс-акылы бар, ой жүгүртүүгө, өз-ара сүйлөшүүгө жөндөмдүү деп ишенишкен. Натыйжада адамдар менен жан- жаныбарлардын ортосунда кандайдыр жакындык байланыш, туугандык мамиле бар деп түшүнүшкөн. Ошентип табиятка көз каранды адамдарда тотемдик ишеним пайда болгон.

Улам мезгил өтүп адамдар табият сырын кеңири ачып, жаратылышты жакшы түшүнө баштаган сайын жан жаныбарларга да мурдагыдай таңданып (ыйык санап) карабай, алардын чыныгы табиятын, жорук-жосундарын, касиеттерин жакшылап үйрөнүшөт. Ал гана эмес ал айбандардын өздөрүнө гана таандык аңгемелерди айтышат. "Жүрө-жүрө андай аңгемелерде айбанаттарга адамга таандык касиеттер берилип, жан-жаныбарлардын образы аллегориялык-каймана мааниге ээ болот. Жомоктордо айтылган каармандар алгачкы кездеги маанисин жана ордун жоготуп, тарыхый-коомдук өсүүнүн жаңы баскычында адамдардын ортосундагы социалдык-таптык мамилелерди билдире баштайт" (6.4). Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы "Кыргый менен үкү", "Каркыра менен түлкү", "Мышык менен чычкандар", "Түлкү менен карышкыр", "Арстан менен коен", "Ач карышкыр", "Абышка менен түлкү", "Эшек менен жолборс" жана башка ушул сыяктуу чыгармалар баарыдан мурда каймана мааниде коомдогу, адамдар ортосундагы ар кандай мамиле, карым-катыштарды түшүндүрүп турганы менен айырмаланат.

Алгачкы уруучулук коом ыдырай баштаган сайын коомдо социалдык карама-каршылыктар күч алып, таптык жиктелүү пайда болот. Байыртан келеткан анамисттик, тотемдик жана магиялык ишеним, көз караштар эми кийинки планга жылып, адамдар менен жаратылыштын ортосундагы мамиле, күрөштөр таптык мүнөзгө ээ боло баштайт. Мындай көрүнүш элдин көркөм аң сезиминде, чыгармачылыгында да орун алат. Мурдатан адамдарга жакшы тааныш жан-жаныбарлар эми адамдардын мүнөзүн, жорук-жосунун, өз ара мамилелерин туюнта турган аллегориялык фигураларга айланат (7.5). Мына ошентип: "Айбандар жөнүндөгү жөө жомоктордун таптын кызыкчылыгын сактоого бет алышы жана адамдар арасындагы турмушту аллегориялык түрдө ача башташы тамсил жанрынын пайда болушуна негиз болгон" дейт фольклорист С.Закиров (9.51).

Эдик тамсилдердин атайын жыйнагын түзүп, ага баш сөз жазган Ж.Мусаеванын пикирине караганда эл оозунда ар кыл жаныбарлар жөнүндө айтылып келген чыгармаларды жалпысынан эки топко бөлүүгө болот. "Биринчи - айбанаттар, канаттуулар өз туруш-турпаттары боюнча салыштырмалуу түрдө бузбай сүрөттөлүп, алардын жашоо шарттары, тиричилиги аллегориясыз баяндалат. Бул айбанаттар тууралуу жомоктордун негизин түзөт. Экинчиси - жан-жаныбарлардын, канаттуулардын жорук-жосундары, өң-түспөлдөрү каймана маани кабыл алып, алардын кебете кешпирлери аркылуу, адам турмушу сындалат. Бул элдик тамсилдердин пайда болушуна негиз болуп берет (11.5). Ушуга эле жакын ойду Х.Бапаев да мурда жазган эле. Ал айбандар жөнүндөгү кыргыз эл жомоктору эки түрдүүчө максат менен айтыларын эскертет. "Айбандардын мүнөзүн баяндоонун биринчи түрү - ал айбанды айбан боюнча сүрөттөө. Бул учуру али кай-

мана түрүнө - тамсилдик мааниге өтө элек мезгили. Экинчи түрүндө айбандардын мүнөз-кылыктарын адамдардын кулк-мүнөзүнө окшоштуруп, каймана маанисине айландырганы. Таптык бөлүнүүлөр чыга баштагандан кийин анын өкүлдөрү бири экинчисин кемсинтип, кылык-жоругун айбандардын жоруктарына салыштырышкан. Мында сөз айбандар жөнүндө бараткансыганы менен адамдар турмушу сүрөттөлөт. Бул учур сөздүн тамсил маанисине өтүп калганы (2.9).

Ошентип, тамсил жанрын изилдеп көргөн окумуштуулар дээрлик бул жанрдын пайда болушун айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктордун таптык мүнөзгө ээ боло баштаган учуру менен байланыштырышат. Коомдун улам илгерилеп өнүгүшү менен жомокто айтылган окуялар, андагы айбанаттардын образы бара-бара аллегориялык мааниге өтүп, адамдар ортосундагы социалдык-таптык мамилелерди туюндура баштайт дешет. Албетте, изилдөөчүлөрдүн мындай пикиринин негизинде чындык жатат жана ага ынанбай коюуга болбойт.

Мында маселенин экинчи бир жагы бар. Тамсилдер түздөн-түз эле айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктордун негизинде келип чыкканбы же башкача болушу мүмкүнбү? Биздин байкообузча, тамсилдер жөө жомоктор менен эч кандай тикелей байланышы жок өз бетинче пайда болуп, өнүгүшү мүмкүн, башкача айтканда, айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктор кандайча жаралса, тамсилдер да ошол сыяктуу эле келип чыкса керек деп болжоого болот. Ырас, балким жомоктор тамсилге караганда алда канча мурда пайда болгон чыгар. Бирок тамсил жалаң гана айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктордун негизинде пайда болду деп бир беткей жыйынтыкка келүү калпыс сыяктанат. Анткени, адамдар жаныбарларды, же тигил же бул айбанатты жакшы үйрөнүп билгенден кийин гана анын образы аркылуу адамдардын ортосундагы ар кыл мамилелерди, түркүн мүнөздөрдү каймана түрдө туюнтуп, аларга таалим-тарбия берүү өңдүү коомдук зарылчылыктан келип чыгышы мүмкүн го. Тамсил жанрынын негизинде баарыдан мурда аллегориялык ыкмада, каймана айтуу жолу менен кайсы бир көрүнүштү сынга алып, акыл насаат берүү жатат. Тамсилдер жалаң эле айбанаттардын образы аркылуу жаралбастан, аз болсо да жансыз предметтер менен көрүнүштөрдүн образынан да пайдаланат. Ошондуктан, айбанаттар жөнүндө аңгеме, болбосо жөө жомоктор кандай пайда болуп, өнүккөн болсо, тамсилдер да өз алдынча ошондой эле жаралышы мүмкүн.

Кыргыз фольклорунда айбанаттардын образы аркылуу каймана түрдө адамдар турмушун чагылдырган чыгармалар бар. Ал эми мындай чыгармалар тамсил жанрына тиешелүү болгон белгилерди толук камтый алабы, болбосо жөө жомоктордон айырмаланып өз алдынча жанрдык касиетке ээ болгонбу бул өзүнчө маселе. Адабиятчы М. Рудов кыргыз адабиятында тамсилге жакын турган айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктор менен сөздүн толук маанисиндеги тамсил – сатиранын ортосунда өзүнчө бир жанрдык форма бар экендигин белгилеген [13]. Изилдөөчүлөр М. Борбугулов менен Х.Бапаев да бул пикирге кошулушат жана буга карата "тамсил-жомок", "тамсил-сатира" деген терминдерди колдонушат. М. Рудов айбанаттар жөө жомогу менен тамсил-сатиранын ортосундагы өзүнчө жанрдык форманы "аягына чейин өсүп жетпеген тамсил. Айбанаттар жөнүндөгү жомоктун чегинен чыгып, бирок тамсил-сатирага айлана элек жанр" деп айткан эле. Профессор М.Борбугулов мына ушунун өзүн "Тамсил-жомок" деп атаган жана анын үлгүсү катары Сагынбай Орозбаковдун "Жолбун ит" жана "Мышык, чычкан" деген чыгармаларын көрсөткөн [6.4].

Демек, авторлордун пикирине караганда кыргыз фольклорунда чыныгы тамсил жанрындагы чыгармалар болгон эмес, айбанаттар жөнүндө жөө жомоктор менен тамсилдин ортосундагы чыгармалар, б.а. тамсил-жомоктор гана учурайт. Кыргыз фольклорунда тамсил жанры барбы жокпу, болгонбу болбогонбу, ачык, конкреттүү айтылбайт. М. Борбугуловдун макаласы "Элдик тамсилдер" деп аталганы менен, автордун бул жерде жазган пикирине кайчы келет, башкача айтканда, аталган чыгармалар, болбосо жалпы эле "тамсилдер" жомоктун чегинен чыкканы менен тамсил жанрына ("элдик тамсилдерге") айлана алган эмес.

Ал эми айрым изилдөөчүлөр (К.Рахматуллин, С.Байходжаев ж.б) элдик тамсилдер менен айбанаттар жөнүндөгү жомокторду бири биринен ажыратпай бирге карашат, башкача айтканда, айбанаттар жомокторунун ичинде эле сөз кылышат. К.Рахматуллиндин 7-класстын окуучулары үчүн түзгөн хрестоматиясындагы айбанаттар жомогу жөнүндө жазгандарынан келтирели: "Бир топ жомоктор айбандар жөнүндө айтылып, ал айбандар адам сыяктуу акыл-эстүү иштерди иштешет. Буларды айбанат жомоктору дейбиз. Кыргыздардын "Төө, жолборс, илбирс, аюу, чөө, карышкыр жана түлкү", "Акылдуу чычкан" жана "Буудайык" деген жомокторду айбанат жомоктору болот...

Айбанат жомокторунда болсо, ар бир айбандын жүрүш-турушуна жараша мүнөздөп көрсөтүлөт. Маселен, түлкү амалкөй жана шамдагай, калпычы кылып сүрөттөлөт, бирок ошенткен менен ал дагы кээде жол таба албай калат. Карышкыр орой, ач көз жана аңкоо болуп сүрөттөлөт. Аны түлкү гана эмес, ит да, жылкы да алдап кетет. Арстан жана жолборс эр жүрөк, баатыр жана күчтүү кылып көрсөтүлөт, бирок кээде бул чексиз күчтүү шерлерди да айлакер түлкү жеңип кетет. Бул жомоктор элдин кандай таамай байкагыч экендигин көрсөтөт [5.61]. Жогорудагы айтылгандардан улам ачык көрүнүп тургандай автор айбанаттар жомогу менен тамсилдерге чек коюп ажыратпайт, аларды бир гана айбанаттар жомогу деп билет.

С.Закиров айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктор менен тамсилдердин кээ бир формалдуу жалпылыктары болгондуктан аларды бири-биринен ажырата албай чаташтырган учурлар көп болорун белгилей келип, аларды бири-биринен айырмалап турган мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү көрсөтөт. Анын пикири боюнча тамсилдер менен айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктордун ортосунда төмөнкүдөй мүнөздүү белгилер бар:

1. Тамсилдер менен айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктордун ортосундагы окшоштук алардын каармавы айбандар болгондугунда гана, ал эми алардын аткарган ролдору таптакыр башка. Тамсилдердеги образдар айбандын турмушуна мүнөздүү кээ бир жактарын көрсөтсө да, тикеден- тике адамдардын турмушун аллегориялык түрдө ачат. Ал эми айбанаттар жөнүндөгү жомоктордо болсо алардын шарттары, тиричилиги тике көрсөтүлөт.

2. Айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктордо жалаң гана айбандар башкы каарман болуп катышат, ал эми тамсилде айбандардан башка баардык жансыз жаратылыштын көрүнүштөрү образ болуп катыша алат.

3. Айбандар жөнүндөгү жөө жомоктордон тамсилдер формасы, түзүлүшү жагынын да айырмаланат.

Тамсил эки бөлүктөн турат:

а) Сюжет - мында алынган окуянын башталышынан бүтүшүнө чейинки иштер көрсөтүлөт;

б) Сентенция - бул тамсилдин башында же аягында келет да, көрсөтүлгөн окуянын бардык мазмунунан корутундуланып алынган жыйынтык. Сентенция же автор тарабынан, же катышкан каармандардан тышкары учурдагы үчүнчү каарман аркылуу айтылат.

4. Айбанаттар жөнүндөгү жомоктордун композициялык курулушу, тамсилдикине караганда алда канча татаал болот. Тамсилде бир негиздүү ой ачылса, айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктордо бир канча окуялар козголушу мүмкүн (9.51-52). Андан ары автор: "Биз жанрдагы мүнөздүү белгилерди догматикалык түрдө кароо керек жана ал белгилерди бири жок болуп калса, ошол жанрдын касиетин жоготуп жиберет деп айткыбыз келбейт" - деп жазат (9.52). Мисалы үчүн Тоголок Молдонун айрым тамсилдеринде ("Каркыра менен Түлкү", "Бөрү менен Түлкү") сентенция берилбегени менен айбандардын образдары аркылуу аллегориялык түрдө адамдардын ортосундагы мамилелерди, турмушту көрсөткөндүгү ачык сезилип турат дейт.

Байкоого караганда ар бир адабий жанрдын жеке табиятына ылайык анын өзүнө гана таандык белгилери болууга тийиш. Кайсы бир жанр өзүнө мүнөздүү бир эле белгисинен, же белгилеринин биринен ажыраса ал жанрдык касиетке ээ болбой калышы ыктымал. Сөз болуп жаткан тамсил жанрынын жанрдык касиетин аныктай турган негизги белгилер жана ага кошумча, жардамчы белгилер мүнөздүү десек болчудай. Анткени, айбанаттардын образы аркылуу каймана түрдө адамдардын образын ачып берүү тамсил жанрынын негизги белгиси болсо, ал эми сентенциянын болушу же болбошу шарт эмес, бул жанр үчүн милдетүү эмес. Демек тамсилдин жанрдык касиетин аныктай турган негизги белгиге жатпайт, тамсил сентенциясыз деле болушу мүмкүн.

Айрым авторлор (Ж.Мусаева) айбанаттар тууралуу жомоктор менен элдик тамсилдерди бири- биринен механикалык түрдө таптакыр ажыратып кароого болбойт дешет. Анткени айрым чыгармалар мазмуну боюнча кадимки эле тамсил болгону менен формасы, окуяны баяндоо ыкмалары жагынан айбанаттар тууралуу жомокторго жакын турат экен. Ж.Мусаева мындай чыгармалар катары "Аюу, төө, жолборс, түлкү, карышкырдын достугу", "Ач карышкыр", "Мышык чычкан" тамсилдерин мисалга тартат да, кайманалуулугу жана жыйынтыгы чыгарманы накта тамсилдердин катарына кошуп турганы менен жалпы сюжеттик курулушу, баяндалышы кадимки элдик жомоктордун архитектоникасын элестетет. Ошондуктан, элдик оозеки тамсилдер менен таанышканда, азыркы профессионал жазма адабияттагы тамсилдердин законченеми менен мамиле кылбастан элдик поэзиянын өзгөчөлүктөрүн, оозеки чыгармачылыкта жанрлар аралык белгилүү бир тартипке баш ийген бузулбас чектердин болбостугун эске алуу керектигин айта кетүү керек" [11.7] – деп белгилейт. Ырас, бул ойдун жүйөлүү жактары бар, тамсил менен айбанаттар жөө жомогу бири бирине жакын турат. Бирок, эгерде тамсилдер менен айбанаттар жомогун бири-биринен бөлүп, ажыратып кароого мүмкүн болбосо, анда тамсилдерди өзүнчө жанр катары бөлүп көрсөтүүнүн кандай зарылдыгы бар. Анда мындай чыгармалар айбанаттар жомогунун ичинде, анын өзгөчө бир түрү катары эле каралууга тийиш эле го. Тамсилди айбанаттар жомогунан бөлүп турган анын өзүнө гана таандык негизги жанрдык белгилери болууга тийиш, ал бар.

М. Борбугулов "Элдик тамсилдер" аттуу макаласында тамсил жанрына тиешелүү чыгармаларды талдап отуруп, төмөнкүдөй жыйынтыкка келген, "Бул чыгармалар аллегориялык мораль жанрына жатат. Персонаждардын карым-катнашы сюжеттин өсүп-өнүгүү, логикасы адамдарга акыл-насыят айтуучу, жүрүү-туруунун жол-жобосун үйрөтүүчү моралдык маани чыгарууга баш ийдирилген. "Жолбун иттеги" башкы каармандын, "Мышык, чычкандагы" мышык, түлкү, арстандын; Тоголок Молдонун "Бөрү менен түлкүсүндөгү" бөрүнүн, "Каркыра менен түлкүсүндөгү" каркыранын, "Эшек менен булбулундагы" эшектин тагдырлары жогорку айтканды далилдеп турат. Ал эми "Уй менен музоосу", "Куба кой менен ээси", "Жер жана анын балдары" аттуу аллегориялык чыгармаларда эки, же бир нече персонаждардын айтышуусу, логикалык ой жүгүртүүсү аркылуу бир тараптын тууралыгы, башка тараптын туура эместиги көрсөтүлөт. Ошонун негизине дагы эле болсо көмүскө, же көрүнөө түрдө үгүт-насыят, дидактикалык маани берилет (6.7).

Элдик тамсилдер өзүнүн ички табияты жагынан негизинен сатирага жакын турат. Ошондуктан мындай чыгармада какшык менен мыскыл айрыкча маанигe ээ, коомдогу карама-каршы кагылыштарды сүрөттөп берүүдө элдик мүдөө, талап биринчи баскычка көтөрүлөт.

Тамсил жазып жана иликтеп жүргөн Х.Бапаев тамсилдин жанрдык табияты негизинен үч өзгөчөлүк менен айырмаланарын белгилейт. "Биринчиден, айбандардын, канаттуулардын жана ар түрдүү предметтердин символикалык образы аркылуу адам турмушу сүрөттөлөт. Экинчиден, окуяны сюжеттеп баяндоо менен корутунду мораль айтылат. Автордун идеясы даана көрүнөт" (2.5). Негизинен айбандар жөнүндөгү жомоктор менен тамсилдердин ортосундагы жанрдык байланыш ажырап кетпей тургандыгын, айрым чыгармалардын жомок же тамсил экендиги билинбей калаарын айтып, мындай чыгарма катары "Ач көз карышкырды" мисал келтирет. Чынында эле тамсилдер эл ичинде оозеки айтылып жүргөн учурда болсо, же басылып чыккан жыйнактардабы айбанаттар жөнүндөгү жомоктук сюжеттердин системасынан бөлүнбөйт. Мындай болгондон кийин аны кандайдыр өзүнчө термин менен атоо зарылчылыгы деле болгон эмес. Ырас айрым маалыматтар боюнча мындай чыгармалар элде "месел" деп айтылчу экен. Бирок каймана маани, мыскыл, ачык айтылган мораль сыяктуу тамсил жанрына мүнөздүү белгилердин болушу, өзүнчө көркөм-эстетикалык милдет аткарышы менен ал айбанаттар жөнүндөгү жомоктордон айырмаланып турат. Кыргыз элинин, оозеки көркөм сөз өнөрүндө

элдик тамсилдер негизинен айбанаттар жөнүндөгү жомоктордун ичинде пайда болгон жана өзүнчө жанр катары калыптанган. Бул азыркы кезге чейин кыргыз фольклористикасындагы өз алдынча жанр катары каралбай келет.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында айбанаттар жөнүндөгү жомоктордун ич ара ажырап, өзүнчө катмарларга бөлүнүү процессин иликтеп, тамсил жанрынын жаңыдан пайда болушун ачып көрсөтүү мезгили жеткен, чечүүнү талап кылган проблемалардан. Айбанаттар жомогунун ич ара (бир эле жанр ичинде) бөлүнө башташы кийинки эле учурдагы процесс. Белгилүү фольклорист-изилдөөчү В.П.Аникин: "Өнүгүүнүн кийинки стадияларында айбанаттар жөнүндө эмес, адамдар жөнүндөгү жомокко айланат" деп жазган (1.221). Ушундай эле ойду орус эл жомокторун изилдөөчү Д.М. Молдавский да айтыптыр: "Орус элинин жомоктук материалдарында айбанаттар жөнүндөгү жомоктор эч качан жырткычтардын чыныгы турмушу катары кабыл алынбайт, алар притча же болбосо тамсил формасына өткөн" дейт (12.24). Айбанаттар жөнүндөгү жомокторду изилдеген кыргыз фольклористтери ал жомокторду анализдегенде тамсил жанрына тиешелүү белгилерди ачып, атап көрсөткөндөрү менен чыгарманын өзүн тамсил деп атоодон, "тамсил" терминин колдонуудан качышат.

Тамсилдер көбүнесе ыр түрүндө айтылып, притча же болбосо апалогго жакын келет деп айтышат окумуштуулардын басымдуу көпчүлүгү. Буга тескерисинче айтылган пикирлер да бар. Алсак фольклорист С.Закиров “эл көбүнчө тамсилдерди кара сөз түрүндө айтышкан” деп жазат (9.55). Кыргыз фольклорунун материалдарына байкоо жүргүзсөк, С.Закировдун пикирин да жокко чыгарууга болбойт. Анда ыр түрүндө айтылган тамсилдер менен бирге эле кара сөз менен айтылгандары да арбын. Көпчүлүк учурда тамсил чыгармаларынын башында же аягында нравалык маанидеги эң сонун берилген сентенциялар, афоризм (учкул сөздөр) болот. Булар кээде макал-ылакаптарга айланып кетиши мүмкүн. Элдик оозеки чыгармачылыкка мүнөздүү варианттуулук тамсил жанрына да тиешелүү. Оозеки тамсилдер профессионал жазма адабияттагы тамсилдерге салыштырганда көпчүлүгү окуялуу, ошого жараша көлөмдүү да келет. Дегеле профессионал адабияттагы тамсилдер менен элдик оозеки чыгармалардагы тамсилдердин ортосунда чоң айырмачылыктар бар.

Тамсилдин каарманы катары айбанаттар, өсүмдүктөр, ар кыл буюмдар менен табият көрүнүштөрү алына берет. Коомдук карама- каршылыктарды, адамдар ортосундагы ар кандай мамилелерди ар тараптуу ачып берүү үчүн айбанаттардын образы колдонулуп келген. Элдик тамсилдерге эбактан бери келаткан, же бул жанрда кандайдыр бир деңгээлде калыпташып орун алган туруктуу образдар, болбосо образ системасы бар десек да болот. Бул жалпы эле дүйнөлүк адабият менен фольклордогу классикалык тамсилдерге да мүнөздүү көрүнүш. Алсак кыргыздын элдик тамсилдеринде түлкү, аюу, жолборс, арстан, карышкыр, төө, эшек, торпок, уй, улак, ит, үкү, мышык, чычкан, каркыра, бөдөнө өңдүү жан- жаныбарлар менен канаттуулар катышат. Таптык коомдогу бийлөөчүлөрдү, алардын "айбандык" сапаттарын жырткыч жаныбарларга салыштырып, алардын образы аркылуу патриархалдык-уруучулук жана феодализм доорундагы кыргыз элинин төбөлдөрү менен арам тамак алдым-жуттумдары сындалат (7.5). Тамсилдердин бардыгы эле жалаң үстөмдүк кылуучу тапты ашкерелөөчү таптык мүнөзгө ээ боло бербейт, анда коом турмушундагы ар кандай терс көрүнүштөрдү, кай бир адамдарга мүнөздүү кемчиликтерди ашкерелеп көрсөтө турганы да бар.

Тамсилде жаныбарлардын образы жөн эле туш келди алына бербейт. Ар бир жаныбардын жеке өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрү, кылык-жоругу, кыялы бар, алардын ар кимиси өзүнчө мүнөзгө ээ. Жан-жаныбарлардын (алардын ичинде түлкү, карышкыр, арстан, жолборс, мышык, бүркүт ж.б.) айла-амалы, кылык-жоругу, тиричилиги, мүнөздөрү жөнүндө венгер Х.Фаркаш «Животный мир легенд и сказок» деген китебинде бир кыйла кызыктуу маалыматтарды бергенин эскерте кеткенибиз оң. Муну болсо адам баласы тээ байыркы замандардан бери көрүп-билип өздөштүрүп келди. Алсак, түлкү дайыма митайым амалкөй, эки жүздүү, жалганчы, жакшылыкка жамандык издеген шылуундардын образын берет. Бир эле "Каркыра менен түлкү" тамсилин алсак, буга ачык мисал болот. Түлкүнүн образы элдик тамсилдерде өтө кеңири орун алган.

Ал эми арстан, жолборс, карышкырлар зордукчул, ач көз зулумдар катары сүрөттөлөт. Бирок кезегинде түлкү буларды сызга отургузуп алдап кетет. Ырас, түлкүнүн амалы дайыма эле оңунан чыга бербейт, эки жүздүү, алдамчы дайыма эле үстөмдүк кылып жазасыз калбайт, андан да акылы ашып түшкөн карапайым бөдөнө сыяктуулар түлкүнүн тилегин таш каптырат. Төө, торпок, аюу, эшек болсо аңкоо, момундардын образын берет. Айрым изилдөөчүлөрдүн пикиринче ат, ит, уй, мышык, кой, эчки өңдүү үй айбандары адамдын жакын жолдоштору болуп кызмат кылышып, ал эми арстан, жолборс, карышкыр, түлкү сыяктуу жапайы айбанаттар көбүнчө зордукчул, зулум бийлөөчүлөрдүн өкүлү катары көрүнөт экен (11.8). Минтип бөлүштүрүп, б.а. үй айбанаттарын жалаң оң каармандар катары, ал эми жапайы айбанаттарды тескери образдар деп карап, алардын ортосуна чек коюуга болбойт. Ар бир айбанаттын образы конкреттүү бир тамсилдин өзүндө гана толук ачылат. Мисалы, ит жалкоонун, мышык митайым баскынчынын образын берген учурлары бар го. Адамдар өздөрүнүн жашоо-тиричилигинде айбандар менен адамдарды жанаша коюп, паралелл-дүү салыштыруу менен алардын ортосундагы окшоштуктар менен жалпылыктарды байкаган жана ошонун негизинде гана тамсилдик чыгармаларды жаратышкан.

"Жолбун ит" тамсилинин сюжеттик композициялык курулушу, стили элдик эпос, дастандардан анча айырмаланбайт. Жомокчу салтка ылайык угуучуларга кайрылуу менен баштап, ай-талаада ачка каңгып жойлоп жүргөн жолбун иттин окуясын алда качан бир заманда болгон иш катары кеңири баян кылат. Тентиреп ачкадан өлө турган жолбун ит тарпка жолугуп, семирип, сергип алган соң мурдагысын унутат. Бир кезде түлкүдөн коркуп жүрсө, эми карышкырларды да тоотпойт, акыры жолборско катылып өлүп тынат... Чыгарманын аягында жыйынтык чыгарып, маанисин түшүндүрүүдө жомокчу Жолборс менен Жолбун ит-

тин окуясын кыргыз элинин турмушундагы белгилүү бир тарыхый окуяга, тактап айтканда, 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшкө байланыштырууга аракет кылганы ачык сезилет. "Чынында жолбун иттин кылык-жоругуна, кылган иштерине байланыштуу окуяны 1916-жылдагы көтөрүлүшкө байланыштыруу жасалма. ...Тамсил-жомок жалпы эле Жолбун ит сыяктуу курсагы тоюп, оңолуп калгандан кийин "кудай-теңирин" таанубай, жер баспай көктү карап турган, көкүрөгүн көтөргөн эсер адамдарга каршы багытталган. Тамсил-жомоктун мааниси баарынан мурда ушунда (6.4) - деп жазат изилдөөчү М. Борбугулов. Чынында да ушундай экендигин тамсилдин мазмуну, анда сүрөттөлгөн иш-окуялар ырастап турат. Тамсил кыргыздын жети-сегиз муунду салттуу ырларынан түзүлгөн. Атайын куплеттерге же түрмөктөргө бөлүнгөн эмес. Аралаш уйкаш менен айтылат. Ошентип "Жолбун ит" бардык жагынан кадимки эле айбанаттар жөнүндөгү жомокторго жакындаганы менен акыл-насыят, морал тенденциясынын бар болушу аны тамсилге айландырган (6. 4).

Кыргыз элинде байыртан келаткан "Мышык, чычкан" жөнүндөгү тамсили түпкү теги жагынан "Панчатантра" менен байланышы бар экендигин изилдөөчүлөр аныкташкан (6.4). Индияда биздин эранын IV кылымында "Панчатантра" ("Беш китеп") деген ат менен уламалар менен тамсилдердин жыйнагы пайда болгон экен. Ал китеп өз учурунда Индиянын чегинен сыртка чыгып, башка тилдерге которулуптур. Алсак, "Калила менен Димна" деген ат менен арабча которулуп, Жакынкы Чыгышка тарайт жана ал кийинчерээк бир катар түрк тилдерине да которулат. Ушул чыгарманын сюжети менен образдарын пайдаланган көптөгөн чыгармалар жаралат. Андагы арамза сопу мышык Дадхикарнанын образы кыргыз тамсилине да кирген. Бирок байыркы образ жана сюжеттер эч өзгөрүүсүз механикалык түрдө кайталанбайт. Эл өз максатына ылайык сюжетти өзгөртүп, кеңейтип, образдарга жаңы мазмун, жаңыча түр беришет. Алсак "Панчатантрадагы" мышыкка калыска түшмөкчү болушкан коён менен кекиликтин ордуна чычкандын образы кирет, дагы башка каармандар кошумчалаган (арстан, түлкү). Эгерде байыркы тамсилдеги окуянын негизги пафосу эки жүздүү, алдамчы мышыктын бетин ачып, анын арамзалыгын ашкерелөө болсо, кыргыз элиндеги тамсил-жомоктун лейтмотиви чычкан өңдүү бей-бечара, алсыз-күчсүздөргө адилет мамиле кылуу, кайрымдуулукка чакыруу болуп саналат [6.4]. Тамсилде чычкандын образы аркылуу өз күчү, ак эмгеги менен күн өткөргөн бей-бечаралардын оор турмушун, аргасыз ал-абалын көрсөтүп, аларга боор ооруп, адилет болууга чакырат. Ал эми мышык, түлкү, арстан сыяктуу жырткыч жаныбарлардын образы менен өздөрү бекер жатып, карапайым элди талап-тоногон ач көз, амалкөй, зордукчул бийлик ээлеринин "жырткычтык" иштерин ашкерелеп көрсөтөт. Карапайым калың элдин тилек-мүдөөсү, кызыкчылыгы менен эсептешпей, аларды кордоп, кемсинтүүгө, басмырлоого болбойт деген идея берилет. Бул ой айрыкча чычкан менен арстандын ортосундагы окуяларда даана байкалат.

Элдик ырчылар менен жомокчулар айбанаттар жомогундагы образдар менен сюжеттерди, поэтикалык каражаттарды пайдалануу менен тамсил чыгарышкан. Кыргыз элинин көркөм сөз өнөрүндөгү айбанаттар жөнүндөгү жөө жомокторду, тагыраак айтканда анын ичинде тамсил-жомокторду кеңири пайдаланган жана аны өнүктүргөн акын-демократ Тоголок Молдо болгон. Анын ушундай ыкмада жараткан ондогон тамсилдери бар. "Тоголок Молдо өзүнүн персонаждарын комедиялык кырдаалдарда көрсөтпөстөн жана сатиралык күлкү аркылуу сындабастан, ким ак, ким кара, ким туура, ким натуура экендигин логикалык ой жүгүртүү, турмуш-тиричилик фактылары аркылуу ачат" деп жазган М.Борбугулов [6.7]. Х.Бапаев да ушул ойду ырастап, Тоголок Молдонун тамсилдеринде мыскылдуу күлкүгө караганда, акыл-насаат айтуучулук, дидактикалык жагы басымдуураак, "тамсилдин табияты жөнүндө ачык түшүнүгү жоктугунан чыгармаларын тамсил-сатирага көтөрө албай калган" деп белгилейт [2]. Тоголок Молдонун бул багыттагы чыгармачылыгы профессионал адабиятыбызда тамсил жанрынын пайда болуп калыптанышына чоң салым кошту. Элдик оозеки тамсилдер менен жакшы тааныш болгон, аларды жакшы билген, ошол эле учурда котормо адабияттар аркылуу башка элдердин тамсилдерине таасирленген акын Тоголок Молдо кыргыз адабиятында тамсил жанрын кыйла өнүктүргөн. Тамсил жанрына кайрылган айрым изилдөөчүлөрдүн (М.Борбугулов, С.Закиров, Х. Бапаев) жазганына караганда Тоголок Молдо казак жазма адабиятына негиз салган көрүнүктүү жазуучу акын Абай Кунанбаевдин котормосу (1898-жыл) аркылуу орус тамсилчиси И.А. Крыловдун айрым тамсилдери менен тааныш болгон. Тоголок Молдонун тамсил жаатындагы чыгармачылыгы муну ырастайт. Башкасын айтпаган күндө да анын "Эшек менен Булбул" аттуу тамсили буга далил. Ал элдик оозеки тамсилдерди кайра иштеп чыгууда зор эмгек сиңирген. Элдик тамсилдердеги сюжеттер менен образдарды тандап алып, аны коомдогу жат көрүнүштөрдүн бетин ачып, айыбын ашкерелей турган бирден-бир курал катары колдонгон. Тоголок Молдо фольклордук чыгармалардын негизинде "Бөрү менен түлкү" "Иттин доолдай тиктирем дегени", "Бөөдөнөнүн түлкүнү алдаганы", "Каркыры менен түлкүнүн достугу», «Жер жана анын балдары" сыяктуу тамсилдерди жазганы белгилүү.

Кыргыз адабиятынын тарыхында элдик чыгармалардын негизинде кара сөз түрүндө тамсил-аңгемелер да жазылган. К.Баялиновдун "Түлкү менен суур", "Чабалекей менен жылан" деген тамсил-аңгемелери буга далил. Тогок Молдодон кийин Ж.Бөкөнбаев, Р. Шүкүрбеков, М.Алыбаев тамсил жазып, бул жанрды өнүктүрдү. Кийин М.Борбугулов, М.Турсуналиев, Э. Ибраев сыяктуу акын-жазуучулардын чыгармачылыгында орун алып, улам кийинки муундун өкүлдөрүн (мисалы Ж.Рыспаев) өзүнө тартты.

Азыркы кезде мурунтан келаткан элдик оозеки тамсилдер ооздон-оозго өтүп, көбүнчө басма жүзүндө тарап (акындардын жыйнактары, газета-журналдар, окуу китептери, хрестоматиялар ж.б.) элдин үмүт-тилегин, дүйнөгө болгон көз карашын чагылдырып, коомдогу ар кыл терс көрүнүштөрдү сынга алуучу көркөм сөз куралы катары кызмат кылып келет. Бүгүнкү күндө да жаңы тамсилдер жаралып жаткандыгына шек жок. Ж.Мусаева "Совет мезгилинде пайда болгон оозеки тамсилдердин табияты бир топ

башкачараак. Образ системаларына да айрым жаңылануулар болуу менен бирге тамсилдердин композициялык курулушунда да өзгөрүүлөр болгондугун байкоого болот" (11.9) - деп жазат. Буга "Сагызган кантип сайрады" деген тамсилди мисал келтирет. Тамсилде сагызган аркылуу сыланкороз, жел өпкө, шакылыктап сайраган тилинен бөлөк кудурети жок, иш билбеген жетекчилердин образы берилген. Биздин байкообузга караганда жазма профессионал адабияттын пайда болушу менен элдик оозеки чыгармачылыктын бул түрү, тактап айтканда тамсил жанры, оозеки түрдө жаңыдан пайда болуп, ооздон-оозго өтүп, коллективдүү фольклордук чыгарма катары өнүгүшүн токтоткон. Албетте, эл ичиндеги чыгармачыл адамдар, көркөм сөз чеберлери тарабынан элдик оозеки чыгармалардын башка түрлөрү сыяктуу эле тамсилдер образ системасы, композициялык курулушу, темасы, идеясы, мазмуну жагынан да өзгөчөлөнүп, айырмалуу болушу закон ченемдүү нерсе. Жогоруда аталган тамсил ("Сагызган кантип сайрады") бул чыгарманы жазып кол жазма фондусуна тапшырган Сөлпүев Кадырдын өзүнүн жеке чыгармачылыгына таандык. Ал тамсилдин бүткүл турпатынан айдан ачык көрүнүп турат.

Адабияттар

1. *Аникин В.П. Русская народная сказка. -М., 1959.*
2. *Бапаев.Х. Тамсил сыры. – Фр., 1974.*
3. *Бектенов З., Байжиев Т. Кыргыз адабияты (фольклор). Окуу китеби – Фр., 1949.*
4. *Белинский Г.Т. Полное собрание сочинений. – М., 1955.Т.8*
5. *Биздин адабият. 7-класс үчүн хрестоматия. / Түз. – Рахматулин К., Нанаев К. – Фр.,1943.*
6. *Борбугулов М.Элдик тамсилдер. //«Кыргызстан маданияты», - 1969,1-октябрь, 8-октябрь.*
7. *Борбугулов М.Элдик тамсилдер. – //«Кыргызстан маданияты», - 1979, 29-март, 5-апрель, 19-апрель.*
8. *Богданова М.И., Жакиев Ө., Рахматулин К.А. Кыргыз адабиятынын очерктери. – Фр. 10943.*
9. *Закиров С. Кыргыз адабиятындагы тамсил жанры жөнүндө бир-эки сөз // Эл чыгармачылыгы – эл кенчи. – Фр., 1981.*
10. *Кыргыз фольклорунун жана адабиятынын тарыхы боюнча программа: I-II бөлүк. /Түз. – Мусаев С. – Фр.,1959.*
11. *Кыргыз эл тамсилдери. /Түз. – Мусаева Ж. – Фр., 1985.*
12. *Молдавский Д.М. Русская народная сатира. – Л., 1967.*
13. *Рудов М. О жанре басни в киргизской литературе. – В кн.: О мастерстве сатиры. Вып. I. – Фр., 1960.*
14. *Фаркаш Х. Животный мир легенд и сказок: (Действительность и вымысел). – Алма-Ата, 1985.*